**УДК: 372.881:398.22:372.881.1**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-396-405**

**Жумалиев С.С.**
филология илимдеринин доктору, профессор
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
samat_tsu@mail.ru
**Эгембердиева А.А.**
филология илимдеринин доктору, профессор
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
aidaegem@rambler.ru
**Мамбеталиева С.К.**
ага окутуучу
Кыргызстан эл аралык университети
Бишкек ш.
suusar00@mail.ru

# "МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ МОНГОЛ, ИРАН, АРАБ СӨЗДӨРҮН ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

**Аннотация:** Бул макалада "Манас" эпосундагы монгол, иран, араб сөздөрүн изилдөөнүн тарыхый, маданий, тилдик, этнографиялык өңүттөрү белгиленип, кыргыз тилиндеги кыргыз-монгол параллелдери менен иран, араб сөз катмарларынын пайда болуусунун тарыхый, саясий, маданий, лингвистикалык факторлору, маданий жана тилдик карым-катыштары, тилдик кабыл алуулардын өбөлгө-шарттары изилдөөгө алынды. Ошондой эле "Манас" эпосунан алынган монгол, иран, араб сөздөрүнүн мисалында кыргыз тилинин баюу, өнүгүү процесстери көрсөтүлүп, башка тилдерден кабыл алынган сөздөрдүн эпосто аткарган лексикалык, семантикалык, стилистикалык функциялары талдоого алынды. Лексикалык баюунун эң өнүмдүү булактарынын бири катары чет тилдеринен жаңы сөздөрдү кабыл алуунун табигый, тарыхый жана маданий шарттары, тийгизген таасирлери, тилдик алака-катыштары илимде белгилүү болгон тарыхый окуялардын өңүтүнөн, башкача айтканда, тарыхый контексттен иликтөөгө алынды.

**Негизги сөздөр:** эпос, лексика, фонетика грамматика, термин, тилдик кабыл алуу, тыбыш, стилистика, лексикалык катмар, тилдик өнүгүү процесси, орток лексика, лексикалык параллель, аспект.

**Жумалиев С.С.**
доктор филологических наук, профессор
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г.Бишкек
samat_tsu@mail.ru
**Эгембердиева А.А.**
доктор филологических наук, профессор
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г.Бишкек

aidaegem@rambler.ru
**Мамбеталиева С.К.**
старший преподаватель
Международный университет Кыргызстана
г. Бишкек
suusar00@mail.ru

## ОСНОВНЫЕ НАПРАВЛЕНИЯ ИЗУЧЕНИЯ МОНГОЛЬСКИХ, ИРАНСКИХ, АРАБСКИХ СЛОВ В ЭПОСЕ «МАНАС»

**Аннотация:** В данной статье отмечаются исторические, культурные, лингвистические, этнографические аспекты изучения монгольских, иранских, арабских слов в эпосе «Манас», изучены историко-политические, культурные, лингвистические факторы, киргизско-монгольские параллели и иранские, арабские лексические пласты в кыргызском языке и их культурно-языковые связи возникновения, соотношения и предпосылки языковых рецепций. Также на примере монгольских, иранских и арабских слов, взятых из эпоса «Манас», показаны процессы обогащения и развития кыргызского языка, а также проанализирована лексические, семантические и стилистические функции слов, заимствованных из других языков. В качестве одного из наиболее продуктивных источников лексического обогащения исследовались природные, исторические и культурные условия, последствия и языковые отношения заимствования новых слов из иностранных языков с точки зрения известных в науке исторических событий, т.е. из исторического контекста.

**Ключевые слова**: эпос, лексика, фонетика, грамматика, термин, языковое восприятие, звучание, стилистика, лексический пласт, процесс развития языка, общая лексика, лексическая параллель, аспект.

**Zhumaliev S.S.**
Doktor of philology, professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Egemberdieva A.A.**
Doktor of Philology, Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
aidaegem@rambler.ru
**Mambetalieva S.K.**
Senior lecturer
International University of Kyrgyzstan
Bishkek c.
suusar00@mail.ru

## MAIN DIRECTIONS OF STUDYING MONGOLIAN, IRANIAN, ARABIC WORDS IN THE EPIC "MANAS"

**Annotation:** This article notes the historical, cultural, linguistic, ethnographic aspects of the study of Mongolian, Iranian, Arabic words in the epic "Manas", studied the historical-political,

cultural, linguistic factors, Kyrgyz-Mongolian parallels and Iranian, Arabic lexical layers in the Kyrgyz language and their cultural-linguistic connections of origin, relationship and prerequisites for language receptions. Also, using the example of Mongolian, Iranian and Arabic words taken from the epic "Manas", the processes of enrichment and development of the Kyrgyz language are shown, and the lexical, semantic and stylistic functions of words borrowed from other languages are analyzed. As one of the most productive sources of lexical enrichment, natural, historical and cultural conditions, consequences and linguistic relations of borrowing new words from foreign languages were studied from the point of view of historical events known in science, i.e. from historical context.

**Keywords:** epic, vocabulary, phonetics, grammar, term, tildik kabyl aluu, tybysh, stylistics, lexical unit, tildik onuguu processi, orthok vocabulary, lexical unit parallel, aspect.

"Манас" эпосунун кыргыз маданиятындагы орду жана ролу абдан чоң. Анын тарыхый ролун карай турган болсок "Манас" эпосу кыргыз элинин тарыхын жана тарыхый окуяларын кайсы бир деңгээлде чагылдырып турат. Эпос аркылуу кыргыздардын байыркы доордон бери келе жаткан каада-салттарын, жоокердик салтын, жашоо-турмушун билүүгө болот. Эпостун мазмуну кыргыз маданиятынын негизги өзөгү жана андагы каармандар, каада-салт, ырым-жырымдар жана нарктуу окуялар кыргыз маданияты менен менталитетин сактап калууга чоң салым кошкон десек жаңылышпайбыз.

Манас" эпосу кыргыз элинин маданий мурасы гана эмес, ошондой эле лингвистикалык жана тарыхый-этнографиялык булак катары да өзгөчө баалуу. Эпостун тили аркылуу байыркы кыргыз тилинин сөз байлыгынын үлгүлөрүн көрөбүз. Анын лексикалык курамында төл сөздөрдөн сырткары башка тилден кирген сөздөрдүн катмарлары да жакшы сакталган. Ошондуктан "Манас" эпосундагы башка тилдерден кирген сөздөрдү изилдөөнүн мааниси бөтөнчө орунда турат. Себеби аларды изилдөө менен кыргыз элинин тарыхындагы маданий, саясий, тилдик ж.б. алака, карым-катыш, байланыштарын билүүгө болот.

Эпостун лексикасындагы чет тилдерден кирген сөздөрдү изилдөөнүн негизги багыттары көп:

1. Эпостогу тарыхый байланыштарды аныктоо. "Манас" эпосундагы чет тилдерден кирген сөздөр аркылуу кыргыздардын байыркы мезгилдердеги башка элдер менен болгон байланыштарын түшүнө алабыз. Мисалы, монгол, кытай, иран, араб жана башка тилдерден кирген сөздөр кыргыздардын тарыхында бул элдер менен соода-сатык, маданий жана саясий байланыштардын болгонун ачык көрсөтөт.
2. Эпостогу маданий таасирлерди изилдөө. Эпостун тексти аркылуу башка элдердин маданиятынын кыргыз маданиятына кантип таасир эткенин аныктоого мүмкүн. Мисалы, араб тилинен кирген диний терминдер исламдын таралыш ареалын көрсөтсө, иран тилинен кирген сөздөр Орто Азия маданиятынын таасирин чагылдырат.
3. Эпостогу тилдик өнүгүү процесстерин изилдөө. Чет тилдерден кирген сөздөр кыргыз тилинин өнүгүү, өзгөрүү процесстерин изилдөөгө мүмкүндүк берет. Бул багыттагы изилдөө кыргыз тилинин тарыхый өзгөрүүсүн жана ар түрдүү доорлордо тилге келип кирген сөз катмарларын аныктоого жардам берет.
4. Тарыхый-этнографиялык маалыматтарды изилдөө. Чет тилдерден кирген сөздөр тарыхый-этнографиялык маалыматтарды да камтыйт. Бул сөздөр аркылуу байыркы кыргыздардын ошол тарыхый доордогу жашоо образын, үрп-адаттарын, каада-салттарын жана дүйнө

таанымын изилдөөгө болот. Мисалы, соода-сатык, айыл чарба, согуштук терминдер аркылуу кыргыздардын ошол кездеги жашоо-шарты тууралуу так маалымат алууга болот.

5. Кыргыз тилинин байу булактарын изилдөө. Чет тилдерден кирген сөздөрдү изилдөө аркылуу кыргыз тилинин башка тилдерден сөздөрдү кабыл алуу процессин жана аларды өздөштүрүү жөндөмдүүлүгүн аныктоого болот. Бул кыргыз тилинин ар түрдүү маданият менен болгон өз ара тилдик аракеттешүүсүн көрсөтөт.

Ошондуктан, "Манас" эпосунун тилин изилдөөдө белгиленген багыттардын биринде же жалпы комплекстүү кеңири изилдөөгө алууга болот. Биздин макалада ушул саналып көрсөтүлгөн негизги багыттарда комплекстүү изилдөөгө аракет жасалат. Башкача айтканда, "Манас" эпосундагы чет тилдерден кабыл алынган сөздөрдү изилдөөдө алды менен тарыхый байланыштарды аныктап, маданий таасирлерди белгилеп, тилдик өнүгүү процесс менен байу булагын көрсөтүп, тарыхый-этнографиялык маалыматтар менен тастыкталат. Изилдөөнүн жыйынтыгы тарыхый байланыштарды, маданий таасирлерди, тилдик өнүгүүнү жана этнографиялык маалыматтарды түшүнүүгө жардам берет, ошондой эле кыргыз тилинин байу жана өнүгүү процесстерин аныктоого мүмкүндүк берип, кыргыз маданиятын жана тарыхын тереңирээк түшүнүүгө өбөлгө түзөт.

Азыркы кыргыз тилинде башка тилдерден кабыл алынган сөздөрдүн негизги катмары бар жана алар монгол, иран, араб катмарларын түзөт. Ага ылайык "Манас" эпосунун "тарыхый лексикасы иран, араб сөздөрүнүн катмарынан тышкары кыргыз-монгол тилдери менен окшош лексикалык параллелдерди түзүп турган катмардан жана кытай, орус тилдеринен кирген сөздөрдүн катмарынан да турат. Анткени кыргыз эли өзүнүн басып өткөн жолунда ар кандай элдер менен түрдүү мезгилдерде геосаясий, этномаданий, соода-экономикалык байланыштарда болуп келген жана анын натыйжасында сөздөр өздөштүрүлгөн" [1, 141].

Тарыхый контексттен алып караганда монгол сөздөрү кыргыздардын жана монголдордун өз ара байланышынын терең жана татаал тарыхый тамырларга ээ экенин көрсөтөт. Бул байланыштар көбүнчө саясий, аскердик жана маданий өз ара аракеттенүүлөр аркылуу өнүккөн десек болот. Маалым болгондой, VI-VIII кылымда кыргыздар Енисей дарыясынын боюндагы аймактарда жашаган. Бул мезгилде түрк, уйгур каганаттары үстөмөндүк кылып турган. IX кылымдын ортосунда кыргыздар уйгурларды жеңип, алардын борбору Ордо-Балыкты (азыркы Монголиянын аймагында) басып алышкан. Бул окуя кыргыздардын аймактагы таасирин күчөткөн. Ал эми XIII кылымдын башында Чыңгызхан жетектеген монголдор дүйнөнү дүрбөтүп, чоң империяны түптөгөн. 1207-жылы Чыңгызхандын улуу баласы Жочинин жетекчилиги астында монголдор Енисей кыргыздарына жортуул жасап, аларды моңгол империясына караткан. Бул окуя кыргыздардын монголдорго баш ийген мезгили болуп саналат. Монголдор кыргыздардан согуштук күчтөрдү колдонуп, аларды өздөрүнүн аскердик жүрүштөрүндө пайдаланышкан. XIII-XV кылымдарда Чыңгызхандын урпактарынын башкаруусу астында түзүлгөн Алтын Ордо доорунда кыргыздар монгол империясынын бир бөлүгү катары саналып, алардын таасиринде болушкан. Бул мезгилде кыргыздар менен монголдордун маданий жана экономикалык байланыштары күчөп, соода жана өз ара аракеттенүүлөр өнүккөн. XIV кылымдын ортосунда Темир (Тамерлан) монголдорго каршы аскердик жортуулдарды жүргүзгөн. Бул мезгилде кыргыздар да Темирдин таасири астында калып, монголдордун бийлигинен чыгууга умтулушкан [2, 245-б.]

Кыргыз тилинде монгол сөздөрүнүн толук тизмесин берүү мүмкүн эмес, анткени бул ар кандай булактарда жана изилдөөлөрдө ар башкача берилет жана талаш-тартышты жараткан маселелердин биринен. Анткени көп окумуштуулар кыргыз жана монгол тилдеринде кездешкен окшош сөздөрдү эзелки баба алтай тилинен калган реликтилик көрүнүш катары эсептешет. Маселен, белгилүү алтай таануучу окумуштуу "Г.И.Рамстедт [3, 113-б.] түрк, монгол, тунгус-манжур тилдериндеги мындай окшоштук көрүнүштү байыркы алтайлык жалпылыктан калган көрүнүш катары эсептесе, И.Котвич [4, 30-35-б.] түрк жана монгол элдеринин ортосундагы миңдеген жылдык карым-катнаштын натыйжасы деп карайт. Ал эми Б.Я.Владимирцевдин «Сравнительная грамматика монгольского языка халхасского наречия» (1929), «Турецкие элементы в монгольском языке» (1941) деген эмгектеринде азыркы монгол тилдери менен түрк тилдери эзелки алтай баба тилинин өрүшүндө бөлүнүп чыккан бир эле тилдин көрүнүшү деген жыйынтык чыгарылган. Бул пикирге Г.Д.Санжеев дагы кошулуп, монгол жана түрк тилдериндеги лексикалык параллелдер тилдик кабыл алуудан эмес, алар бул тилдердин негизги сөздүк фондусунан пайда болгон орток сөздөр, ал эми тилдеги окшош эмес сөздөр болсо өнүгүштүн кийинки баскычына туура келет деген пикирин айткан" [1,142-143].

Айрым окумуштуулар кыргыз тилине монгол тилинен тилдик кабыл алуулардын болгонун белгилешип, аларга *керээз, соңурка, сонун, каалга, темене, бараан* ж.б. сыяктуу [5, 209-2016) сөздөрдү көрсөтүшөт жана анын айкын далили катары түрк тилдериндеги орун алуу фактысын белгилешет. Тарыхый-лингвистикалык изилдөөлөрдө мисал катары көп колдонулган кээ бир кыргыз жана монгол тилдерине орток сөздөр кыргыздардын монголдор менен болгон өз ара байланыштарын далилдеп турат. Мисалы:

1. *Нойон* – төбөл, мырза. Монголчо *нойон* (ноён) сөзү "мырза" же "жогорку даражалуу адам" дегенди билдирет. "Манас" эпосунда "оён" түрүндө айтылат.

Аламан катуу урушта
*Оён* Манас кезигип,
Орго кан өлүп калыптыр (СО, 3, 176-б.).

2. *Босого* – эшик, дарбаза, эшиктин кесекиси. Монгол тилиндеги *босох* сөзү "тур, босого, эшиктин кесекиси" деген маанилерди билгизет.

Капкасы алтын *босого,*
Казат кылып ошого (СО, 3, 203-б.)

3. *Сонун* – мыкты, укмуш, жакшы, дурус. Монгол тилинде *сонин* "жаңылык, кызыктуу" деген маанилерди туюндурат.

Кандай *сонун* болду деп,
Кан Текеске мынча кол (СО, 2,1980,40).

Монгол сөздөрү менен лексикалык параллелди түзгөн сөздөрдүн кыргыз тилине ыңгайлашуусу көптөгөн факторлорго байланыштуу, б.а. фонетикалык, морфологиялык жана семантикалык өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Бул процесс ар кандай доорлордо ар түрдүү жолдор менен жүргөн. Тигил же бул сөз кыргыз тилине кабыл алынганда алардын үндүүлөрү кыргыз тилинин фонетикалык системасына ылайыкташкан. Мисалы, монгол тилиндеги "нойон" сөзү кыргыз тилинде айтылышында *ойон* болуп башкы *н-* тыбышы түшүрүлүп айтылат. Себеби кыргыз тилинин байыркы мезгили үчүн сөз башында н- тыбышы мүнөздүү болгон эместиги илимде маалым. Ойон сөзү "Манас" эпосунда көбүнчө баатырларга эпитет катары колдонулат: *ойон Манас, ойон Чубак* ж.б. Семантикалык жактан кыргыз тилинде

“ашкан баатыр, эр, акылдуу” маанилерине ээ. Монгол тилинде “мырза, төрө, кожоюн” маанилеринде колдонулат.

Тилдеги мындай өзгөрүүлөр кыргыз тилинин өзгөчөлүктөрүнө жараша жүргүзүлгөн жана тарыхый байланыштардын натыйжасында пайда болгон. Алыскы тектеш тилдеги сөздөр кыргыз тилин байытып, эки элдин маданий жана тарыхый байланыштарын чагылдырып, тилдин байлыгынын жана өнүгүүсүнүн бир бөлүгү болуп саналат. Бул сөздөрдү изилдөө кыргыз жана монгол элдеринин ортосундагы өз ара байланыштарды жана маданий таасирлерди тереңирээк түшүнүүгө жардам берет.

Ал эми Борбордук Азиядагы иран тилдүү элдер менен байланыштар терең тарыхый тамырга ээ. Бул аймакта иран тилдүү элдердин таасири ар кыл мезгилдерде жана саясий түзүлүштөрдө байкалып турган. Айталы, Ахемениддер Империясы (б.з.ч. 550-330-жж.) Борбордук Азиянын аймактарын да камтыган, ал эми ошол мезгилде иран тилдүү сак, массагет жана башка уруулары бул аймакта жашашкан. Бул элдер менен байланыштар кыргыздардын байыркы ата-бабалары үчүн маанилүү болгон. Сасаниддер доорунда (б.з. 224-651-жж.) да иран тилдүү элдер менен Борбордук Азия элдеринин ортосундагы соода жана маданий байланыштар өнүккөн. Караханийлер доорунда иран маданияты жана тили чоң таасирге ээ болуп, газнавиддер аркылуу Борбордук Азияда өз таасирин тийгизген. Бул мезгилде фарсы тили маданий жана илимий тил катары колдонулуп, иран сөздөрү түрк тилдерине кире баштаган. Натыйжада чагатай доорунда жана Тимуриддер империясында (XIV-XVI кылымдар)  фарсы тили маданий жана адабий тил катары колдонулуп, Борбордук Азияда кеңири таралган [2; 6].

Кыргыз тилине иран тилинин сөздөрү негизинен тажик жана коңшулаш өзбек, уйгур тилдери аркылуу киргени белгилүү. “Иран сөздөрү кыргыз тилине ар кандай жолдор менен кирген: а) кыргыздардын тажиктер менен тикеден тике катнашынын натыйжасында, б) Орто Азиянын башка элдери (өзбектер, уйгурлар) аркылуу, в) анча-мынчасы мурдагы сабаттуу адамдар аркылуу фарсча китептерден да өтүшү мүмкүн. Кээ бирлери согдий, а балким, тохар лексикасынан калган калдык түрүндө болушу да мүмкүн” [7, 160-161-б.].  “Иран сөздөрүнүн айрымдары кыргыз тилине иран тилдүү элдерден түз кирген болсо, мындан айырмаланып, араб сөздөрү кыргыз тилине коңшулаш тажик, өзбек, уйгур, татар тилдери аркылуу келип кирген” [1, 136-б.].

Бул сөздөр көптөгөн тармактарды камтыйт, анын ичинде күнүмдүк турмуш, маданият, илим жана дин ж.б. “Кыргыз тилине иран сөздөрүн кабыл алуу процессинин 1-этабы 11-кылымдан башталган, б.а. айрым кыргыз урууларынын Алтайдан Тянь-Шанга жылуусуна байланыштуу Орто-Азиядагы иран тилдүү согды, тохарлар менен болгон алгачкы тилдик алакалар түзүлгөн. Ал эми анын экинчи активдүү этабы 16-кылымдан башталат. Ушул мезгилдерде иран тилдеринен кыргыз тилине соода-сатыкка, багбанчылыкка, дыйканчылыкка, курулушка жана турмуш-тиричиликке ж.б. тармактарга байланыштуу көптөгөн сөздөр өздөштүрүлгөн. Маселен: *соода, арзан, майда, тараза, нарк, пайда, пахта, бак, дарак, тыт, мөмө, шабдалы, анар, анжыр, мейиз, данек, алмурут, мисте, долоно ж.б.)* [1, 130-б.].

Иран сөздөрүнүн кыргыз тилине канчалык деңгээлде кабыл алынгандыгын так аныктоо кыйын, бирок бул сөздөрдүн саны бир нече жүзгө жетиши мүмкүн. Алардын көбү күнүмдүк турмушта жана ар кандай тармактарда колдонулат. К.Дыйкановдун белгилеши боюнча К.К.Юдахиндин “Кыргызча-орусча сөздүгүндө” 1439 иран сөзү [8, 23-б.] бар.

“Азыркы кыргыз тилинин активдүү лексикасында да иран сөздөрүнүн саны кыйла көп, К.Дыйканов белгилегендей: “лексиканын 6,56 % ын түзөт” [8, 6-б.].

“Манас” эпосунда да иран сөздөрү кеңири колдонулат. Мисалы: *пайгамбар, кент, мандикер, барик, аптаба, келде, дыйкан, багбан, чабандес, соодагер, дутар, паранжы, шейшеп, дасторкон, парда, душман, зардап, дөө, зар, кеп, бейбак, апсун, мант, бетпак ж.б.*

*Пайгамбар* – пайгамбар иран тилинде "пейгамбар", кыргыз тилинде жана “Манас” эпосунда *пайгамбар//байгамбар* формасында п//б тыбыштык варианттары менен диний термин катары кеңири колдонулат:

*Байгамбарлык* жетиптир
Бейишине кудайдын
Тирүү кирип кетиптир (СО, 3, 20-б.)

Чымдан кылган *кенти* бар,
Чакырсам анын баарысын
Маа келбес кандай мерти бар (СО, 3, 213-б.)

*Мандикердин* баарысы
Басаңдан коркуп калтылдап, (СО, 1, 276-б.).

Көпчүлүк менен киргени,
*Бариктүүсүн* өрттөтүп, (СО, 2, 134-бет).

Мойну *аптаба* чайнектей,
Эки көзү айнектей, (СО, 4, 50-бет).

Какандан келген кытайдын
Денеге турбас *келдеси,*(СО,4, 294-б.).

Демек, иран сөздөрү "Манас" эпосунда да маанилүү орунга ээ болуп, эпостун лексикалык, семантикалык жана стилистикалык байлыгын арттырып турат. Бул сөздөр эпостогу окуяларды жана каармандарды стилистикалык жактан так сүрөттөп, эпостун тилин, мазмунун байытып, көркөм жана терең маанилүү кылат.

Иран тилинен кирген сөздөр кыргыз тилин байытып, анын тарыхый жана маданий мурасын көрсөтөт. Бул сөздөр Борбордук Азиядагы иран тилдүү элдер менен кыргыздардын байланыштарын жана маданий өз ара аракеттенүүлөрүн чагылдырып, кыргыз тилинин лексикалык байлыгын арттырып турат. Иран сөздөрү кыргыз тилине киргенде алар кыргыз тилинин фонетикалык жана морфологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташкан жана күнүмдүк жашоонун ар түрдүү чөйрөсүндө азыркы учурда да кеңири колдонулууда.

Араб тилинен кирген сөздөр Борбордук Азиядагы элдердин тилине жана маданиятына чоң таасир эткен. Бул таасир, негизинен, ислам дининин жайылышы жана араб маданиятынын таркатылышы аркылуу болгон. VII кылымда арабдар ислам динин кабыл алган соң, ислам дүйнөсү кеңейип, арабдар Борбордук Азияга чейин жеткен. Борбордук Азияга ислам дини VIII кылымда келген. Араб халифатынын башкаруусундагы аймактарда араб тили диний, маданий жана административдик тил катары кеңири колдонулган.

Умейяддар жана Аббасиддер халифаты исламдын таралышына чоң салым кошуп, Борбордук Азиядагы көптөгөн элдер ислам динин кабыл алышкан. Бул мезгилде араб тили ислам дининин жана илимдин тили катары кеңири колдонулган. IX-XII кылымдарда Бухара, Самарканд, Хива сыяктуу Орто Азиядагы калаалар ислам дүйнөсүнүн билим жана маданият борборлору болуп калышкан. Бул жерлерде көптөгөн араб окумуштуулары жана жазуучулары иштешкен. Араб тили илимдин, адабияттын жана билим берүүнүн тили катары кеңири колдонулган. Бул убакта арабча китептер которулуп, жергиликтүү элдерге билим

берүүдө колдонулган. Ислам дининин жана араб маданиятынын таасири аркылуу араб сөздөрү жергиликтүү тилдерге, анын ичинде кыргыз тилине да кирген. Бирок түз кабыл алынбастан "араб сөздөрү кыргыз тилине коңшулаш тажик, өзбек, уйгур, татар тилдери аркылуу келип кирген [1, 136-б.].

Араб тилинен кирген сөздөр кыргыз тилине көбүнчө ислам дини жана билим берүү аркылуу кирген. Бул сөздөр негизинен диний, маданий жана илимий терминдерди камтыйт. Мисалы;

1. *Китеп* – китеп (ك تاب) араб тилинде *китаб,* кыргыз тилинде жана "Манас" эпосунда *китеп* түрүндө колдонулат.

*Куран китеп* өзү деп
Куп өтөдү аскерге (СО, 3, 201-б.)

2. *Билим* – билим (ع لم) араб тилинде *билим*, билим жана илим маанисинде колдонулат.

*Билимин* шайтан туйдурган,
Миң батман чоюн куйдурган (СО,3, 223-б.)

6. *Дарс* – сабак, предмет (درس), араб тилинде *дарс* сөзү сабак маанисинде колдонулат.

Көбүң укккун *дарсымды* (СО, 2, 304-б.)

Араб тилинен кирген сөздөр кыргыз тилинин лексикалык курамын байытып, ислам дининин, билим берүүнүн жана маданияттын терминдерин камтыйт. Бул сөздөр Борбордук Азиядагы ислам дининин жайылышы жана араб маданиятынын таасири аркылуу кирип, кыргыз тилинин өнүгүшүнө жана байышына чоң салым кошкон.

Алла (ﷲ)* – Кудай. Бул термин ислам дининин негизги түшүнүгү болуп саналат.

Өкүмөтү *Алданын*
Табындагы шумкардай (СО, 3, 234-б.)

Бейиш (جـ نة)* – Жаннат, бейиш. Бул сөз бейишти сүрөттөөдө колдонулат.

*Бейиштен* сүрүп айдаган,
Шайтан болуп ибилис (СО, 3, 250)

"Араб тилинен кирген сөздөр «Манас» эпосунда кеңири орун алып, көп учурда диний түшүнүктөргө байланыштуу же ага жакын мотивдеги окуяларды баяндоодо кеңири колдонулат. "Манас" эпосундагы араб сөздөрүнүн колдонулуш чөйрөсүнө карай илим, билим, маданият, дин, коомдук-саясий, абстрактуу түшүнүктөргө байланыштуу тематикалык топторго бөлүүгө болот. Мисалы: *ыслам, аят, адис, дин, молдо, имам, куран, алла, жаназа, бата, калпа, келме, арип, илим, кат, кагаз, санжыра, сүрөт, таалим, нуска, адабият, тарых, дарс, казына, аскер, өкүм, султан, так, увазир, адам, коом, табып, кызмат, акыл, амал, айла, азап, адат, адал, адилет, айып, аманат, аракет, аалам ж.б."* [1, 137-б.].

Араб сөздөрү эпостогу окуяларды жана каармандарды көркөмдөп сүрөттөө үчүн кеңири колдонулат. Бул сөздөр эпостун тарыхый жана маданий контекстин тереңирээк ачып берет. Араб сөздөрү аркылуу эпостун тилинин байлыгы, көркөмдүгү жана ар түрдүүлүгү көрсөтүлөт. Бул сөздөр кыргыз тилинин лексикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтип, аны көркөм жана стилдүү кылып, каармандардын ишенимдерин, моралдык жана этикалык баалуулуктарын ачып берет.

Демек, араб сөздөрү да "Манас" эпосунда маанилүү тематикалык жана стилистикалык ролду ойнойт. Бул сөздөр эпостогу окуяларды, каармандарды жана алардын иш-аракеттерин так жана түшүнүктүү сүрөттөөгө жардам берет. Диний, социалдык жана күнүмдүк турмуш менен байланышкан араб сөздөрү эпостун мазмунун байытып, кыргыз тилинин лексикалык

жана стилистикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет. Бул сөздөр "Манас" эпосунун байлыгын көрсөтүп, анын кыргыз лингвомаданиятындагы ордун терең ачып берет.

Жыйынтыктап айтканда, "Манас" эпосунун лексикасындагы монгол, иран, араб сөздөрү кыргыз элинин тарыхый байланыштарын жана маданий алмашууларын чагылдырат. Бул сөздөр эпостун бай лексикасын жана маданий мурасын көрсөтөт. Келечекте бул тармактагы изилдөөлөр ушул макалада белгиленген негизги багыттар боюнча кеңири алкакта жүргүзүлсө, "Манас" эпосунун лексикалык байлыгын толук ачып берүүгө мүмкүндүк берет.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси**

1. Жумалиев С.С. "Манас" эпосунун лексикасынын хроно-топологиялык стратификациясы [Текст]: докторлук диссертация. 10.02.01/ С.С.Жумалиев. – Б., 2015. – 375 б.
2. Бартольд, Бартольд, В.В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / В.В.Бартольд; түз. Ө.Караев. – Бишкек: "Айбек" фирмасы, 1997. – 456 б..
3. Рамстедт, Г. Введение в алтайское языкознание. Морфология [Текст] /Г. Рамстедт. – М.: Изд. иностр. лит., 1957. – 254 с.
4. Котвич, В. Исследования по алтайским языкам [Текст] / В.Котвич. – М.: Изд-во вост. лит., 1962. – 373 с.
5. Юнусалиев, Б.М. Киргизская лексикология [Текст] / Б.М.Юнусалиев. -Фрунзе: Киргизучпедгиз, 1959. – Ч.1: Развитие корневых слов. – 248 с.
6. Өмүрбеков, Т.Н. Кыргызстандын тарыхы [Текст] / Т.Н.Өмүрбеков. -Бишкек: Б.и., 2011. – 1 болук. – 330 б.
7. Азыркы кыргыз адабий тили. Фонетика, лексикология, лексикография, фразеология, морфология, синтаксис, стилистика, текстаануу, лингпоэтика [Текст]. – Бишкек, 2009. – 928 б.
8. Дыйканов, К. Кыргыз тилинин тарыхынан [Текст]: жогорку окуу жайлары үчүн / К.Дыйканов. – Фрунзе: Мектеп, 1980. – 156 б.

**Материал алынган булактар**

1. Манас [Текст]: кыргыз элинин баатырдык эпосу: С.Орозбаковдун варианты боюнча . – Бишкек: Кыргызстан, 1995. 1-китеп. – 554 б.
2. Манас [Текст]: кыргыз элинин баатырдык эпосу: С.Орозбаковдун варианты. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. 2-китеп. – 800 б.
3. Манас [Текст]: кыргыз элинин баатырдык эпосу: С.Орозбаковдун варианты боюнча академиялык басылыш. -Бишкек: Кыргызстан, 1995. 3-китеп. – 667 б.
4. Манас [Текст]: кыргыз элинин баатырдык эпосу: С. Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек: Шам, 1997. 4-китеп. – 611 б.
5. Санжеев Г.Д., Орловская М.Н., Шевернина З.В. С18 Этимологический словарь монгольских языков: в 3 т. / Отв. ред. Г.Д. Санжеев, ред.-сост. Л.Р. Концевич, В.И. Рассадин, Я.Д. Леман. Институт востоковедения РАН. – М.: ИВ РАН, 2018. Том III. – Q–Z. – 2018. – 240 с.

**Рецензент: филология илимдеринин доктору, профессор Усманбетов Б.**